87.3(кыр)
Ш-25

Кыргыз Республикасынын билим
жана маданият министрлиги

Ош Мамлекеттик Университети

Кыргыз философиясы кафедрасы

Эркайым Шарипова

# КЫРГЫЗ ФИЛОСОФИЯСЫНА КИРИШҮҮ

(лекциялардын кыскача курсу)

Ош - 2001

ББК 87.3
Ш-25

ФБТ факультетинин жана Ош Мамлекеттик Университетинин Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен басмадан чыгарууга сунушталган.

Жооптуу редактор:
Философия илимдеринин кандидаты,
доцент Ж. Арзыматов

Рецензенттер: Философия илимдеринин доктору,
профессор Ж. Жаныбеков
Философия илимдеринин доктору,
академик О.А.Тогусаков

Шарипова Э.

Ш-25 Кыргыз философиясына киришүү. -Ош,2001.
-35-бет.

ISBN 9967 - 505 - 76 - 1

# КЫРГЫЗ ФИЛОСОФИЯСЫНЫН ӨНҮГҮҮ БУЛАКТАРЫ

Кыргыздар Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин бири. Алар жөнүндөгү эң биринчи маалыматтар б.д.ч. 201-жылы байыркы Кытай булактарынан табылган. Октябрь революциясынын жеңишине чейин кыргыздар көчмөн шартта жашашып, мал чарбачылыгы негизги орунда турган, ошондой эле патриархалдык-феодалдык мамилелер, колониялдык эзүү, диний идея үстөмдүк кылган. Кыргызстан экономикалык, саясий жана маданий жактан эң артта калган эле. Элдердин дээрлик көпчүлүгү сабатсыз болушкан, илим, адабият, искусство өнүккөн эмес, б.а. Октябрь революциясына чейин Кыргызстанда философиянын илим катары калыптанып, өнүгүшүнө шарт болгон эмес. Экономикалык жактан артта калуу, ошондой эле территориялык бытырандылык маданияттын өнүгүүсүн басаңдатып, адабий тилдин түзүлүшүн, илимдин, искусство, адабияттын өнүгүшүн кечеңдеткен.

Философия дүйнөгө болгон көз караштын ядросу жана коомдук аң-сезимдин формасы катары калыптануу жана өнүгүү генезисине ээ. Философиянын калыптанышынын жана өнүгүшүнүн рухий булактары бар, аларды предфилософия деп атоого болот[1]. Кыргызстанда философиянын өнүгүү генезиси катары төрт негизги булак каралат.

Биринчи рухий булак болуп элдик оозеки чыгармачылык эсептелет, анда эмгекчил элдин ой-

2799 6244
БИБЛИОТЕКА Ошского государственного
821678

[1] Кара: Нарынбаев А. Возникновение и развитие философии как науки в Кыргызстане.-Б., 2000.-4-5-беттер.

пикири, идеалдары, феодал, байларга каршы күрөшү чагылдырылган.

Ар бир элдин маданиятын фольклорсуз элестетүүгө мүмкүн эмес. Белгилүү фольклорист В.Я.Пропп белгилегендей, "бир дагы коомдук илимдер – этнография, тарых, лингвистика, адабияттын тарыхы ж.б. фольклордук материалсыз жашай албайт."[1] Ал эми изилдөөчү К.В.Чистов мындай деп жазган: "Фольклор тарыхый жана этнографиялык булактардын эң негизгиси болуп эсептелет."[2]

Фольклордун дагы бир артыкчылык жагы – жазуу өнөрү өнүккөнгө чейинки мезгилде коомдук аң-сезимдин формаларын – саясатты, динди, илимди, укукту, философияны, искусствону, моралды синкреттүү түрдө өзүнө сиңирип келгендигинде. Бул көрүнүш диний, саясий, моралдык-этикалык элестөөлөр, искусство, элдик даанышмандык даана чагылдырылып келген кыргыз фольклоруна да таандык.

Коомдук аң-сезимдин баштапкы формасы катары демейки аң-сезим эсептелет. Демейки аң-сезимдин "биринчилиги" жөнүндөгү корутунду "күндөлүк аң-сезим коомдук мамилелердин эмпирикалык формасынын чагылуусу болуп саналат" деген жобого таянып айтылат.

Кыргыз элинин оозеки чыгармалары демейки аң-сезим деңгээлиндеги илимге чейинки дүйнө таанымды чагылдырууда эбегейсиз чоң мааниге ээ. Элдик чыгармачылык же фольклор – элдин көркөм чыгармачылык ишмердиги, эл өзү жараткан жана өз

[1] Пропп В.Я. Фольклор и действительность. – М.: Наука, 1976. – 16-бет.

[2] Чистов К.В. Фольклор и этнография. – Л.: Наука, 1970. – 5-бет.

ичине кеңири тараткан искусствонун (поэзия, музыка, театр, бий, архитектура ж.б.) түрлөрү. "Фольклор" термини эки компоненттен туруп, ("Фольк" – эл, "лор" – акыл, билим, даанышмандык) "эл акылы, даанышмандыгы" деген маанини түшүндүрөт. Бул терминди 1846-жылы англиялык тарыхчы В. Томс сунуштап, оозеки көркөм чыгармачылыкты аныктаган жалпы түшүнүккө айланды.

Фольклордо эл эмгегин, тиричилигин, каада-салт, диний үрп- адатын, ошондой эле жаратылыш менен турмуштагы ар кандай кубулуштарды чагылдырышкан. Андагы темалар, формалар жеке жана коллективдүү көркөм чыгармачылыктын татаал диалектикалык карым-катнашында пайда болгон, б.а. жеке устаттар, чеберлер тапкан башталмаларды эл андан ары өркүндөтүп келген.

Этнофилософиябыздын башаты болгон оозеки чыгармаларды анализдөө учурунда А.Н. Чанышевдин теориялык бүтүмдөрүнө назар салалы. Алардын изилдөөбүзгө тиешелүүлөрүнүн эң негизгилери төмөнкүлөр:

- Философияга чейинки бардык көрүнүштөр жөнүндө терең акыл менен ой жүгүртүп, маани-маңыз чыгаруу үчүн биринчи кезекте ылайыктуу деңгээлге негиз боло турган этаптык көрүнүш (философиянын генезисине чейинки, анын пайда болушунун жөнөкөй этабы) пайда болгон.
- Экинчи этапта уруунун тарыхына байланышкан мифтер,

уламыштар, анын баатырлары жөнүндөгү мактоо ырлары өнүккөн.

- Кыргыз философиясынын өнүгүшүнө өбөлгө болгон көрүнүштөр.

Бул этапта эпостор жана ырчылар чыгармачылыгы өсүүнүн жолуна түшкөн.

- Кыргыз философиясынын жогоруда аталган өнүгүү этаптарынын кылда чокусу – кадыресе жалпылоолорго, бүтүмдөргө, адамдардын ишенимине айланган идеялар системасын жараткан деңгээли – даанышман ырчылардын санат-насыят, терме, айтыш ырлары болуп эсептелет.

Дал ушул этап – ырчылардын жашоо, тиричилик, өмүр жана өлүм проблемаларын чагылткан деңгээли – кыргыз элинин дүйнө таанымынын толук кандуулугуна жана менталитетинин өзгөчөлүктөрүнө таянган, өз алдынча өнүгүү жолуна түшкөн абалы экендиги көзгө урунат.

Элдик оозеки чыгармалар коомдук бытиени чагылдыруу менен бирге коомдун күнүмдүк аң-сезими катарында обьективдүү реалдуулук жөнүндөгү түшүнүктөр системасын, анын эстетикалык көз караштарын, практикасын өз ичине камтыйт.

Фольклордун коомдогу ролу жөнүндө баяндап жатып, Ю.Борев төмөнкүгө токтолгон: "Искусствонун катарсисттик-компенсатордук функциясы (кеп искусствонун ички дүйнөнү тазалоочу функциясы жөнүндө болуп жатат) үч аспектиден турат:

- Гедоникалык - көңүл ачуучу,
- Компенсатордук (адамдын рухий гармониясын өнүктүрүүчү),
- Катарсисттик (ички дүйнөнү тазалоочу).

Искусство өзүнүн гармониялык сапаты аркылуу инсандын ички гармониясына таасир тийгизет, психикалык тең салмактуулугунун

сакталышына жана калыбына келишине көмөктөшөт."[1]

Коомдун мүчөлөрүнө искусство, Ю. Борев айткандай, бирдей таасир этпейт, себеби коомдогу адамдардын маданий-интеллектуалдык жана билим деңгээли ар түрдүү. Ал эми патриархалдык-уруулук жана феодалдык коомдо бардык адамдар ата-салтына, тарыхый-көркөм мурастарга бирдей ыйык мамиле жасашып, андагы эрежелерге бирдей баш ийишкен. Ошол себептен элдик макал-лакаптардан тартып "Манас" эпосуна чейин бардык фольклордук чыгармалар кыргыздардын аң-сезимине акылга сыйбагандай күчтүү да, көп жактуу да таасир эткендиктен, элдин рухий-социалдык өнүгүшүнө ыңгайлуу шарт түзүү менен бирге анын өзүнүн сакталып калышында да чоң роль ойногон. Кыргыз фольклорунда көркөм өнөрдүн дагы бир функциясы даана, айкын көрүнөт. Бул анын ички аң-сезимге таасир этип, ынаным(внушение) пайда кылуучу кызматынан байкалат. Көркөм өнөрдүн аталган жарым диний, жарым материалисттик функциясы жөнүндө кеп козгоп жатып дагы бир жолу жогоруда айтылган эмгекке кайрылып көрөлү:

"Искусствонун негизги, толук изилдене элек дагы бир функциясы - ынаным пайда кылуучу функциясы, көркөм чыгарманын адамга дээрлик гипнотикалык таасир берүүсү. Көп чыгармалар ички күчү аркылуу белгилүү ойго же сезимге ынандырат. Искусствонун бул функциясы алгачкы фольклордо да биринчи орунда турат.[2]

[1] Борев Ю. Эстетика.- М.П.П. М., 1975.- 10-бет.
[2] Борев Ю. Эстетика.- М.П.П. М., 1975. -18-бет.

Философиялык ой жүгүртүүлөрдүн башаты адамдын акыл-эсинин, таанып-билүүсүнүн өнүгүшүндөгү маанилүү, зарыл учур экендигинде шек жок. Ал өнүгүү турмуш практикасы менен жуурулушуп, анын өзгөчөлүгүнө жараша байып, өзгөрүлүп жана жаңыланып турат. Кыргыз фольклору көп мезгилди камтыган дал ошол акыл-эс жана таанып-билүү процессинин өнүгүшүнүн күзгүсү. Ал тынымсыз өнүгүү(жашоо) процессинде болгондуктан, элдин мүдөөсүнө туура келген үлгүлөрдү сактап, ал эми заман талабына жооп бербей калгандарын четке каккан.
Философиянын пайда болушунун экинчи негизги булагы болуп социалдык жана колониалдык эзүүгө каршы багытталган күрөштүн негизинде өнүккөн коомдук-саясий жана философиялык ой-жүгүртүү эсептелет.

Заманчыл акындар (Калыгул, Арстанбек, Молдо КылычШамырканов), акын-демократтар (Токтогул, Тоголок Молдо, Б. Алыкулов, Жеңижок ) поэтикалык образдуу формада кыргыз элинин жашоо шарты жөнүндө ой-жүгүртүшүп, патриархалдык-феодалдык мамилелерди түшүнүүгө аракет жасашкан.

Билимдин өзгөчө областы болгон философия өтүүчүлүк законунун аракетинин негизинде өнүгөт. Өткөндөгү рухий баалуулуктарга таянып философтор акын, ойчулдардын алдыңкы идеяларын жогорку деңгээлге көтөрүшкөн.Кыргызстанда философиянын пайда болушунун үчүнчү идеялык булагы болуп практикалык ишмердүүлүктүн негизинде миңдеген жылдар бою топтолгон эмпирикалык билимдер эсептелет.

Илимге чейинки билимдер математика, астрономия, география, ботаника ж.б. илимдердин

башаты катары баалуу. Байыркы кыргыздардын көчмөн жашоосунун мүнөзү менен байланышкан илимге чейинки билимдери практикалык иш-аракет процессинде пайда болуп өнүккөн. Белгилүү максатка багытталган эмгек ишмердүүлүгү адамдын обьективдүү реалдуулукка болгон активдүү - өзгөртүүчү мамилесин белгилейт. Эмгек процессинде байыркы адамдар курчап турган айлана -чөйрөнүн реалдуу байланышын, дүйнөдөгү адамдын ээлеген ордун түшүнүүгө аракет жасашкан. Табиятты практикалык өздөштүрүү процессинде дүйнөнү таанып-билүү мүмкүнчүлүгү терендеп, кеңейген. Кыргыздардын реалисттик дүйнө түшүнүүсү, рационалдуу элестөөлөрү өз башатын турмуштук тажрыйбанын жана интуитивдүү божомолдун негизинде пайда болгон эмпирикалык билимдерден алат. Алгачкы мезгилдерден тартып эле адамдар жаратылышты багындырып, анын законлорун башкарууга аракет жасашкан. Бирок алар өздөрүн жаратылыштан бөлө алышкан эмес, табияттын сырларын ачууга мүмкүнчүлүктөрү жетпеген, өздөрүн табияттын составдык бир бөлүгү катары карашып, ага аяр мамиле жасашкан. Кыргыздардын дүйнө түшүнүүсү алгачкы доорлордо баео, мажес формада болуп, турмуштук тажрыйбага таянган. Аларда курчап турган айлана- чөйрөнү сезимдик кабыл алуунун салыштырмалуугу же акыйкатсыздыгы жөнүндөгү суроо туулган эмес. Бирок, эмгек процессинде байыркы адамдар мезгил өткөн сайын тажрыйба топтоп, билимин байыткан, жаратылыштын кубулуштарынын себептик-натыйжалык байланыштарын өздөштүрүп, түрдүү байкоолорду салыштырган. Практикалык иш-аракет өнүккөн сайын кыргыздар стихиялык күчтөрдөн коркуу абалынан биротоло бошоно

алышпаса да, дүйнөнү кабыл алуусу бир топ кеңейген. Кыргыз элинин илимге чейинки дүйнө таанымынын негизин табигый процесстер жана көрүнүштөр, алардын байланышы жөнүндөгү салыштырмалуу туура элестөөлөр түзгөн. Элдик билимдер кылымдар бою топтолгон байкоонун жана күндөлүк тажрыйбанын жетишкендиктерин камтып, дүйнөнү таанып билүүнүн башталышы болгон. Байыркы кыргыздардын эмпирикалык билимдеринин негизги бөлүгүн космогониялык билимдер түзгөн. Астрономиялык, географиялык мүнөздөгү түрдүү маалыматтарды жыйноо, аларды күндөлүк турмушта пайдалануу зарылдыгы көчмөн жашоо образынын татаал шарттары менен мүнөздөлөт. Көчмөн кыргыз эли дайым кең талаа, бийик тоолордо тиричилик өткөргөндүктөн, ошол аймактын табигый географиялык, климаттык шарттарын, жыл мезгилинин алмашышын, жаратылыштын кубулуштарынын мезгилдүүлүгүн, мал чарбачылыгын жүргүзүүдөгү жагымдуу, жагымсыз шарттарды алдын-ала билүүгө, аларды терең өздөштүрүүгө мажбур болушкан. Асман телолорунун абалына жана жайгашышына көп көңүл бурулган, анткени дайыма бир жерден экинчи жерге көчүп жашаган кыргыздар жылдыздар боюнча жолду таап, жайлоо, суу, үңкүр ж.б. кай жерде жайгашканын биле алышкан. Башка бир кубулуш менен диалектикалык байланышкан процесстердин системалуу түрдө кайталангандыгын аң-сезимине түйгөн байыркы кыргыздар турмуштук талаптарды канааттандыруу үчүн табигый процесстердин закон ченемдүүлүктөрүн өздөштүрүшүп, пайдалана башташкан. Тынымсыз байкоонун негизинде асман кубулуштары жөнүндөгү алгачкы маалыматтар жыйнала баштаган. Байыркы кыргыздарга мезгилди

абстракттуу түшүнүү мүнөздүү болгон эмес. Практикалык иш аракет аларды мезгил аралыктарын белгилөөгө мажбурлаган. Жаратылыштагы процесстердин өзгөрүүсү циклдүү мүнөзгө ээ болгондуктан, аларды түшүнүү да циклдүүлүк принцибине баш ийген. С.Д.Шаштын идеясы боюнча байыркы адам практикалык түрдө жаратылыштагы кайталануучулукка, циклдүүлүккө, жеке нерселердин артында жалпылыктын гармониясы турушуна ишенген. Бул обьективдүү түрдө кубулуштардын, нерселердин закон ченемдүү учурлары, жагдайлары каттала баштады дегенди түшүндүрөт.

Байыркы кыргыздар жыл мезгилинин системалуу түрдө алмашып турушун, бир жыл ичиндеги өзгөрүүлөрдүн мезгилдүүлүгүн байкашып, табигый кубулуштардын ирээттүүлүгү жөнүндөгү тыянакка келишкен.

Байыркы мезгилдерде обөективдүү реалдуулукту түшүндүрүүнүн илимий методдору болбогондуктан, космогониялык билимдердин белгилүү бөлүгү системалуу формага ээ боло алган эмес жана билимдер демейки аң-сезим деңгээлинде тикеден-тике байкоонун негизинде калыптанган. Күндөлүк практикалык тажрыйбанын негизинде түзүлүп, элдин тиричилиги менен тыгыз байланышкан космогониялык мүнөздөгү билимдер кыргыздардын өздүк аң-сезиминин калыптанышынын негизги фактору болуп саналат. Бул билимдердин негизинде адамдар жаратылышты таанып билишип, андагы өздөрүнүн ордун аныктоого аракеттенишкен, дүйнөнү диний-мифологиялык түшүндүрүүгө каршы турган тыянактарды чыгарышып, табияттын закондоруна өз мамилесин иштеп чыгышкан.

Кыргыздардын илимге чейинки дүйнө таанымында медицина боюнча билимдер белгилүү орунду ээлейт. Байыркы кыргыздардын аң-сезиминде диний-мистикалык көз караш да үстөмдүк кылгандыгына байланыштуу, көпчүлүк учурларда дарылоону диний таасир тийгизүүгө негиздешкен. Ошого карабастан элдик дарыгерлер табигый жолдор аркылуу айыктырууга аракет жасашкан.

Дарыгерликтеги элдик тажрыйбанын баалуулугу жогору, анткени байыркы кыргыздар эмпирикалык стихиялык ыкмаларды колдонуу менен өздөрүнүн дүйнөнү кабыл алуусун реалисттик көз караштар менен байытышкан.

Көчмөн жашоо шарты, мал чарбачылыгына байланыштуу байыркы кыргыздарда тери оорулары кеңири таркаган, аларды айыктырууда түрдүү күйгүзүүлөр, сүйкөөчү дары майлар колдонулуп, алар сымаптан, күкүрттөн жаныбарлардын майын кошуу жолу аркылуу жасалган.[1] Канды токтотуу үчүн күйгүзүлгөн кийизди майдалап туруп жараатка себишкен же ысык май менен майлашкан. Байыркы кыргыздардын дарылоо практикасында сыныктарды жана кокустоолорду айыктыруу өзгөчө орунда турат. Мындай учурларда сөөктөрдү ордуна келтирип, жумшак нерсе менен ороп, шакшак коюп тагат.[2]

Эгерде жугуштуу оору байкалып калса, башкаларын сакташ үчүн жаңы конушка көчүшкөн, оорулууну өзүнчө бөлөк боз үйдө кармашкан, эгерде андай шарт болбосо, боз үйдүн бир бурчуна

[1] Кара: Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясынын Манас таануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун кол жазмалар фонду. Инв. №704, 635, 650. - 2, 53-беттер.

[2] Кол жазмалар фонду Инв. №533, 532. - 65-70, 9-27-беттер.

жайгаштырышып, өзгөчө тазалыкта кармашкан. Демек, кыргыздар себептик-натыйжалык байланыштардын закондорун стихиялуу түрдө ачышып, өздөрүнүн практикалык иш аракеттеринде кеңири пайдаланышкан. Дарыгер-тамырчылар адамдын дене түзүлүшү (анатомия) боюнча кеңири түшүнүккө ээ болушуп, оорулуунун тамырынын согушуна карап, оорунун түрүн ажырата алышкан. Ошого карата дарылоонун жолун аныкташкан. Микроб жөнүндө эч кандай түшүнүккө ээ болбой туруп, тажрыйбанын негизинде оорунун жугуштуу экендигин биле алышкан. Практика жүзүндө ошол оорулардын материалдык себеби бар экендигине ынанышып, алардын ортосундагы байланышты билүүгө аракет жасашкан, бирок илимий методологиянын жоктугу көптөгөн кыйынчылыктарды туудурган. Медицина жөнүндөгү билимдер байыркы кыргыздар дүйнөдөгү кубулуштардын жалпы универсалдуу мүнөзүн, ошол эле мезгилде алардын карама-каршылыгын стихиялык диалектикалык түрдө таанышкандыгын далилдейт. Байыркы кыргыздар адамдын денесин карама-каршылыктардын биримдиги: ысык жана суук башаттын айкалышы катары карашкан. Ысык, суук оорунун төмөнкүчө мүнөздөшкөн: ысык оорудa тикилдеп тамыр ичти көздөй кагат, мындай учурда суу берүү керек, суук оорудa тамыр акырын кагат, анда күчтүү, ысык тамак берүү керек.[2] Денеде кайсы башат үстөмдүк кылса, оорунун түрү да ошого байланыштуу болот деп түшүнүшкөн. Эки башат теңелгенде дене оорудан айыгат, ага дарыгер белгилеген тартипте тамактануу менен жетишүүгө

[1] Кара: Айтманбетов Д.А. Культура киргизского народа во второй половине XIX и начале XX в. - Фрунзе, 1967. - 213-бет.
[2] Кол жазмалар фонду. Инв. №312. -9-27-беттер.

болот. Кыргыздар физикалык жана рухий кыйшаюуну табигый факторлор аркылуу түшүндүрүүгө аракет жасашкан.[1]

Кыргыздар адам менен аны курчап турган материалдуу дүйнө бир бүтүндүктү түзөт деп туура баамдашкан. Бардык жандуу нерселердин, айрыкча, адамдын ден соолугу жаратылыштан көз каранды. Ошол себептүү оорулууну таза аба, таза тамак менен айыктырууга аракет жасашып, жайлоого алып чыгышып, кымыз, жаңы эт менен тамактандырышкан. Байыркы кыргыздардын жашоо шартына мүнөздүү дагы бир касиет - алардын чөптөрдү дарылык катары колдонушу. Бир жайыттан экинчисине көчкөндө элибиз түрдүү чөптөр менен таанышып, дарылык сапаттары жөнүндөгү маалыматтарды топтошкон. Алар чөптөрдү кайсы мезгилде жыйнап, кандай сактоо керектигин, тигил же бул ооруга кандай өлчөмдө колдонуу керектигин тынымсыз байкоонун негизинде жакшы өздөштүрүшкөн. Дары чөптөрдөн түрдүү маңыздарды, ширени, кайнатмаларды, майларды, порошокторду даярдашып, аларды канды токтотууда, котур, жүрөк ж.б. ооруларда пайдаланышкан. Бака жалбырак, ит мурун, эрмен, төө уйгак, көк нар, бүлдүркөн, ак кодол, ж.б. өсүмдүктөрдү күнүмдүк практикада көп колдонушкан. Мисалы, элдик билим боюнча ак кодол дары катары муун, бел, бут ооруларына каршы иштетилет. Бул өсүмдүк жайлоодо өсөт, көк гүл ачып, кичинекей тегерек жалбырагы болот. Өсүмдүктүн түбүн казып алып, кургатып, талкалап, оорукчан күнүнө үч жолу жеш керек.[2]

---

[1] Кара: Аманалиев Б. Из истории философской мысли киргизского народа. - Фрунзе, 1963. - 37-38-беттер.

[2] Кол жазмалар фонду. Инв.№635. -53-55-беттер.

Уйгак чөп бел ооруга пайдаланылса, экземага каршы жыланды, иринге аюунун майы, суук ооруга аюунун өтүн, бел ооруга кийиктин, ич ооруга текенин өтүн колдонушкан. Көз ооруга сагызгандын эти дары катары эсептелсе, жыландын кабыгы менен жаталак аттарды тургузушкан.[1] Байыркы кыргыздар билим деңгээлинин төмөндүгүнө байланыштуу бел оору белди курт жеп бүкүрөйгөндөн пайда болот деп ойлошкон, дары катары сууну, шыралжынды кайнатып, уу коргошун, ак кодол беришкен. Ошол сыяктуу өпкөнү курт жегенде кургак учук оорусу пайда болот, аны дарылоодо суу берсе, өпкөнүн курту ачка өлөт деп ойлошкон.

Байыркы кыргыздардын жаратылыш жана эмгектеги машыгуулары жөнүндөгү элестөөлөр да эмпирикалык билимдерди өздөштүрүүдө чоң мааниге ээ. Күндөлүк жашоодо көптөгөн өсүмдүктөрдү тамак катары пайдаланышып, башкаларынан тиричиликте керектелүүчү буюмдарды жасашкан. Мисалы, боз үйдүн жабдыктарын, идиш аяк, ошондой эле тосмо, отун катары да колдонушкан, түрдүү боекторду алышкан. Бул максатта ит мурун, эңилчек, ышкын түп ж.б. өсүмдүктөр колдонулуп, алар кийизди,терини боз үйдүн жыгачтарын боео үчүн иштетилген. Өздөрүнүн эмпирикалык билимдерине таянып, жайытта мал багууда чөп катмарына этияттык менен мамиле жасашкан, түрдүү аймакта чөп катмары бирдей өспөй турганын өздөштүргөн кыргыздар тажрыйбага таянып, жайытты үнөмдүү пайдаланууга аракет жасашкан: "жайыт жазгы

[1] Кол жазмалар фонду. Инв.№674.

(көктөө), жайкы (жайлоо), күзгү (күздөө), кышкы (кыштоо) болуп бөлүнгөн."[1]

Демек ,байыркы кыргыздар өсүмдүктөр менен жаныбарлардын, жыл мезгилинин алмашышы менен аба ырайынын байланышын жакшы өздөштүрүшкөн. Адам менен жаратылыштын биримдигинин бузулушун, байланышынын үзүлүшүн кыргыздар алсыздыктын, артка кетүүнүн, начарлоонун башталышы, чарбачылыктын талкаланышы, демек, адамдардын жок болуу коркунучу катары түшүнүшкөн.

Жаныбарлар дүйнөсү байыркы кыргыздар үчүн бир гана жашоо каражаты болбостон, дүйнөнү тынымсыз таанып-билүүнүн предмети да болгон. Бабаларыбыз жырткыч жаныбарларды, аңга салынуучу куштарды шамдагайлыгы, жашы боюнча терең айырмалай алышкан. Көчмөн жашоо шартында көптөгөн жаныбарлардын, мисалы, жылкынын ролу чоң болгон.

Байыркы дүйнөдө бир жерден экинчи жерге көчүүнүн негизги каражаты болуп жылкы эсептелгендиги белгилүү. Ал адам баласын өмүр бою коштоп, эң ишеничтүү шериги катары кызмат өтөгөн: "Жылкы адамды кырсыктан сактап, коркунуч жөнүндө алдын-ала туюнткан жандоочусу болгон."[2] Ошону менен бирге жылкы кыргыздардын башка көчмөн элдердин маданияты менен таанышуусуна мүмкүнчүлүк түзүп, көчмөн цивилизациянын калыптануу жана өнүгүү процессине жол салган. Ш.Б.Акмолдоеванын пикири боюнча "Байыркы кыргыздардын жылкы

[1] Байбосунов А. Донаучные представления киргизов о природе . - 107-бет.

[2] Традиционное мировоззрение тюрков Южной Сибири: Пространство и время. Вещный мир. - Новосибирск. 1988.

чарбасын өнүктүрүүсү таанып билинген, ошондой эле таанып- билине элек дүйнөнүн чек араларын кескин түрдө кеңейтти." [1]

Өзүнүн гармониялуулугу боюнча белгилүү болгон кентавр менен байланышкан мифтерден Гераклдын окутуучусу акылман Хирон жөнүндөгү миф көпчүлүктүн көңүлүн бурат. Гректерде адатта жылкы эки дөңгөлөктүү арабага чиркелгендиктен, кийимди ага ыңгайлаштыруунун зарылчылыгы болгон эмес. Эгерде жаңы доор башталганга чейин байыркы Египет, Шумер, Вавилон, Кытай, Индияда "чабандестин кийими" аттуу түшүнүк болбосо,[2] кыргыздарда үй буюмдары, кийимдери кыймылдуу жашоо образына ыңгайлаштырылган: тиричиликте териден, жүндөн жасалган түрдүү кийимдер, буюмдар колдонулуп, алар табият менен адамды бириктирүүчү кызмат өтөө, дүйнөнү таанып билүү жана өзгөртүү каражаты катары баалуу.[3] Биздин доордун I кылымдарында үзөңгүнүн пайда болушун изилдөөчүлөр улуу жетишкендик катары карашат: "оно обозначило закат древних цивилизаций и бурный восход кочевых. Нога получила упор... Стремя ввело в моду сапог. Высокий каблук - чтобы держалась нога в стремени прочнее. Высокое голенище - чтобы стремя не натирало ногу и для защиты от колючих растений.[4] Демек, азыркы

[1] Акмолдоева Ш.Б. Коневодство в системе традиционного хозяйства киргизов. (конец XIX начало XX в.) - Фрунзе, 1989. - 171-бет.

[2] Кара: Сулейменов О.О. Народная культура - летопис мира. //Вопросы философии. №8. - Москва, 1988. - 206-бет.

[3] Кара: Мукасов С.М. Традиции социально-философской мысли в духовной культуре кыргызского народа. - Бишкек, 1999. - 23-бет.

[4] Сулейменов О.О. Народная культура - летопис мира //Вопросы философии. №8. - Москва. 1988. - 108-бет.

БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного университета
ИНВ № 821678

кийимдерди моделдештирүүдө, ошондой эле дүйнөлүк маданияттын келечектеги моделин түзүүдө "функция - кооздуктун базиси" деген реалдуулукту эстен чыгарбоо керек. Анткени маданиятта негизсиз эстетика жок. Ал эми кыргыздардын дүйнө таанымында нерселердин эстетикалык формалары алардын функционалдык милдеттери менен диалектикалык байланышып, эстетикалуулук этикалуулукка өсүп-өнүгүп, социалдык долбоорлоонун таянычы болуп кызмат аткарат. Көчмөн элдерде жылкысыз адамдарга терс мамиле жасоонун да негизи болгон : "В его основе лежало необходимость всеми силами стимулировать в сознании людей стремление к такому образу жизни, которой могло обеспечить только обладание конем. Без этого стремления культура кочевого народа была бы просто обречена, ибо передвижение на огромное расстояние диктовалось формой хозяйствования".(Сулейменов О .О.)

Бирок, бул идеядан кыргыздар такыр дыйканчылык менен алектенишкен эмес деген жыйынтык чыгарууга болбойт. Алар эрте жазда эгиндин бир топ түрлөрүн эгип, жайлоодон кайтканда жыйнап алышкан. Кыргыздардын арасында дыйканчылыктын өнүгүшү табият таануу илимдеринин алгачкы элементтеринин келип чыгышын шарттады. Эгин эгүү процессинде адамдар табияттын кубулуштарын сергек байкоого мажбур болушту, анткени түшүмдүүлүктү көбөйтүү үчүн үрөндү туура тандап, аны себүүнүн жолдорун өз убагында кароонун ыкмаларын терең өздөштүрүү талап кылынган.

Байыркы мезгилдерден тартып эле кыргыздар арпа, буудай, сулуу, кийинки убактарда күрүч, пахта эгүүнү үйрөнүшкөн. Көп жылдык тажрыйбанын

негизинде ар бир өсүмдүктүн эгүү, жыйноо убакыттарын аба-ырайына байланыштырып билишкен. Дыйканчылыкта түшүмдүн мол болушу же болбой калышы, жайдын жаандуу, жаансыз болушу, ж.б. процесстер жаратылыштагы себептүүлүк-натыйжалуулукту үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түздү. Тиричиликтеги ийгилик же кырсыктын болушу сөзсүз түрдө анын себебин издөөгө жол ачкан. Кээде себептер туура белгиленсе, кээде жаңылыштыктар да болгон. Ушундай жол аркылуу элдик билимдер жыйналып топтолгон. Байыркы кыргыздар процесстин маңызын түшүнбөй туруп, ал процесстин уюшулгандыгын, жүрүшүн жакшы өздөштүрүшкөн. Өздөрүнүн турмуштук керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн кыргыздар жыгач, темир, күмүш, жез ж.б. иштете алышкан (жыгач, темир уста, зергерчи), ташты темирге тийгизүү жолу аркылуу от чыгарууну өздөштүрүшкөн (оттук), токуу станокторун ойлоп табышкан (өрмөк), түрдүү кийимдерди өздөрү даярдай алышкан.

Демек, табиятты практикалык өздөштүрүү процессинде адамдар обьективдүү дүйнөнүн реалдуу байланыштарын жана мамилесин, адамдын жаратылыштык жана коомдук маңызын түшүнүүгө аракеттенишкен. Кыргыздардын дүйнөнү руханий өздөштүрүүсүндө позитивдүү, рационалдык тенденциялар пайда болуп, алар көчмөн жашоо шартына, турмуштук практикага ылайык өнүккөн жана кыргыздардын социалдык-философиялык ой-жүгүртүүсүнүн калыптанышынын негизги фактору.

Кыргыз элинин байыркы жана орто кылымдардагы баео материалисттик жана стихиялуу реалисттик дүйнө таанымы, рухий баалуулуктары негизинен Орхон-Енисей жазуу маданияты,

фольклор, археологиялык жана этнографиялык табылгалар, фактылар аркылуу изилденүүдө.

Элдин көп кылымдык жашоо тажрыйбасынын ролу тууралуу К.Тыныстанов төмөнкүдөй жазган: "Изучать многовековой опыт своего народа, его мудрые знания и представления о природе – дело весьма благородное. А доходчиво распространять их среди широких масс – дело достойное и заслуживает всяческого поощрения."[1]

Философиянын пайда болушунун жана өнүгүшүнүн төртүнчү идеялык булагы болуп башка элдердин рухий маданиятынын таасири, бири-бири менен болгон байланышы саналат. Кыргызстандын Батыш менен Чыгыштын ортосундагы жолдо жайгашкан, биздин өлкө аркылуу Кытайдан Батыш Европага чейинки Улуу Жибек Жолу өткөн. Чыңгыз Айтматов мындай деп жазган: «Борбордук Азия региону илгертен эле азиаттык ренессанстын маданий булагы болуп кызмат өтөйт: О.Хайямды, Ал-Фарабини, Баласагынды эстегилечи… Бул жерде байыртан эле фанатизм эмес, эркин ой-жүгүртүү басымдуулук кылган». Кыргыздардын рухий маданиятына жана коомдук – саясий ой-жүгүртүүсүнө улуу ойчулдар: Абу Али Ибн Сина, Рудаки, Фирдоуси, О. Хайям, А. Жами, А. Навои ж.б. эмгектери чоң таасир тийгизген. Андан сырткары орус ойчулдарынын да кыргыз философиясынын өнүгүшүндө салымы зор.

Философиянын пайда болушу үчүн белгилүү шарттар талап кылышат. Биринчиден, философия мифологиялык ой-жүгүртүүдөн бөлүнүп чыгыш керек. Мифологиялык дүйнөтүшүнүмдө реалдуулук

[1] К. Тыныстанов. А. Байбосуновдун "Донаучные представления киргизов о природе" деген китебинде. -Фрунзе .: Мектеп , 1990. -3-бет.

менен идеалдуулуктун, жан менен дененин, адам менен аны курчап турган кубулуштардын ортосунда айырмачылык жок.

Философиялык таанып-билүүнүн негизги куралы болуп теориялык ой-жүгүртүү эсептелет. Гегелдин идеясы боюнча «Философия бул ой-жүгүртүүдө камтылган доор, мезгилдин рухий квинтэссенциясы», «доордун өздүк аң-сезими». П. В. Плехановдун пикири боюнча «философия – бул таанып-билинген бытиенин синтези».

Экинчиден, философиялык рефлексияга илим менен техниканын жетишкендиктерин кошуу зарыл, дүйнөгө болгон жаңы көз караштарга таянып, коомдук жашоодогу терең өзгөрүүлөргө көңүл буруу керек.

Үчүнчүдөн, философиянын калыптанып, өнүгүшү үчүн белгилүү түшүнүктүк аппараттын калыптанышы абзел, мисалы, категориялар, закондор, принциптер, эрежелер, методдор.

Төртүнчүдөн, философиянын пайда болушу үчүн жазуу маданияты, ошондой эле профессионал философтор өнүгүшү керек.

Демек, дүйнөгө болгон көз караштын, айрыкча, ойлонуунун бытиеге катышы жөнүндөгү маселелерди иштеп чыгуу зарылдыгы келип чыкканда философия пайда болот.

Жыйынтыктап айтканда, философиянын илим катары пайда болуп, өнүгүшү үчүн белгилүү шарттар керек.

а) коомдук мамилелердин өнүгүүсүнүн жогорку деңгээли талап кылынат (коомдук мамилелердин негизинде материалдык өндүрүштүн өнүгүүсү жатат).

б) философиянын пайда болуп, өнүгүшү илимдин, маданияттын өнүгүү мүнөзүнөн, деңгээлинен көз каранды.

## КЫРГЫЗДАРДЫН ДЕМЕЙКИ АҢ- СЕЗИМИ

Өзүнүн кең маанисинде аң-сезим – бул объективдүү дүйнөнүн субъективдүү образы, объективдүү реалдуулуктун адамдын мээсинде чагылышы. Тар маанисинде аң-сезим адамга таандык психикалык чагылдыруунун эң жогорку формасы, эмгек ишмердүүлүгүнүн идеалдуу жагы[1].

Философиянын тарыхында «жан» жана «аң-сезим» түшүнүктөрү окшош түшүнүктөр катары каралып келген. Табигый билимдердин өнүгүшү менен XVIII кылымдан баштап философтор аң-сезимге туура аныктама бере башташты. Француз материалисттери (метафизиктер) аң-сезимдин маңызын ачып бере алышкан эмес. Гегель(идеалисттик негизде) "Духтун феноменологиясы" деген эмгегинде аң-сезим проблемаларын анализдеген. Ал аң-сезимдин социалдык-тарыхый табиятын иликтеп, тарыхый принципти сунуштаган.

Гегель боюнча аң-сезим үч тепкичти басып өтөт:

1) жалпы аң-сезим
2) өздүк аң-сезим (адамдын өзүнүн иш-аракетин, сезимин, ой-жүгүртүүсүн, жүрүш-туруш мотивдерин, кызыкчылыктарын, коомдогу абалын аңдашы).

---

[1] Кара: Нарынбаев А. Возникновение и развитие философии как науки в Кыргызстане.-Б., 2000.

3) Акыл-эс (адамдык ой-жүгүртүү).

Гегель акыл-эстин диалектикалык табиятын ачып берген, бирок коомдук аң-сезимди изилдебестен, индивиддин аң-сезимин гана караган.

Кыргыздардын коомдук аң-сезими өзүнүн жашоо образы жана мүнөзү боюнча феодалдык-патриархалдык деңгээлде, б.а. демейки, күнүмдүк тажрыйбанын деңгээлинде болгон. Бул коомдук аң-сезим стихиялуу түрдө, адамдардын күндөлүк жашоосунун таасиринде түзүлгөн.

Демейки аң-сезим –бул реалдуулукту предметтик, иррационалдык сезимдик формада чагылдыруу, ал идеяга эмес, сезимге негизделет, анда миф, ойдон чыгаруу реалдуулук менен айкалышат.

Демек, аң-сезим күндөлүк жашоону чагылдырып, бытиенин сырткы жактарын камтыйт. Ошону менен катар демейки аң-сезим бир нече артыкчылыктарга ээ: ал жашоо бытиесине, практикага жакын.

Көптөгөн элдик чыгармалар социалдык практиканын базасында пайда болуп, демейки аң – сезимдин продуктысы жана жалпы массага түшүнүктүү.

Демейки аң – сезим менен теориялык аң – сезим диалектикалык байланышкан. Алар бири – бирине өтүп турушат. Демейки аң – сезим теориялык аң – сезимге өткөндө коомдук аң – сезимдин өнүгүү процесси жүрөт, эгерде теориялык аң – сезим демейки аң – сезим деңгээлине түшсө, тарыхый регресс болот. « Демейки аң – сезим менен илимий, философиялык аң – сезимдин ортосунда абсолюттук карама – каршылык жок. Демейки аң – сезим бөлүнүп жашабайт. Ага маданият, билим таасир тийгизгендиктен, илимий элестөөлөр кошулат.

Бирок, ал демейки аң – сезим боюнча кала берет, анткени демейки тажрыйбага караганда чектелген"[1].

Илимий теориялык аң – сезим – бул ой – жүгүртүү процесси, ал концептуалдуу мүнөзгө ээ. Гносеологиялык табияты боюнча теориялык аң – сезим концепциялардын, идеялардын ирээттүү сиситемасына ээ, б.а. материалдуу дүйнөнүн кубулуштарынын жана предметтеринин өнүгүшүнүн объективдүү закондорун ачып берет. Эгерде демейки аң – сезим формалдуу логикага негизделсе, теориялык аң – сезим диалектикалык логикага анын принциптерине, закондоруна негизделет[2].

Коомдун өнүгүү мүнөзү адамдардын коомдук аң – сезимин белгилейт, б.а. системанын экономикалык базиси анын надстройкасынын пайда болушунун жана өнүгүшүнүн негизи болуп эсептелет.

Феодалдык патриархалдык мамилелер кыргыздардын коомдук аң – сезиминин өнүгүүсүн белгилеген. Октябрь революциясына чейин кыргыздардын коомдук аң – сезиминин структурасы төмөнкү формалардан турат: диний, этикалык, эстетикалык, укуктук жана коомдук – философиялык. Элдин коомдук аң – сезиминин структурасында диний аң – сезим басымдуулук кылат. Дин эки формада көрүнгөн: бутпарастык жана ислам. Кыргыздар исламга өтө эле жакын болушкан эмес, анткени, адамдар негизинен мал чарбачылык менен алектенишип, көчмөн түрдө жашашкан, мечит, медреселер аз болгон. Андан сырткары Кыргызстан ислам борборунан алыс жайгашкан. «Кыргыздардын көпчүлүгү диний үрп –

[1] Вопросы философии. 1967 , №4. -122-бет.
[2] Алтмышбаев А. Октябрь и развитие общественного сознания кыргызского народа. –Ф., 1980, -48-49-беттер

адаттарды кармашканы менен алар куранды жана шариатты катуу сактаган фанатик болушкан эмес, алардын диний ишенимдери көбүнчө патриархалдык – феодалдык салттар менен байланышып, синкреттүү мүнөзгө ээ»[1].

Кыргыздардын этикалык аң – сезими үй – бүлөдөгү жана коллективдеги карым-катнаштын эң байыркы формасы катары каралат. Көчмөн жашоо образы моралдык нормаларды бышыктаган, жүрүш-туруш нормаларынын көпчүлүгү синкреттүү мүнөзгө ээ. Кыргыз үй-бүлөсүндө балдар улууларды, ата-энелерди урматтоо сезиминде тарбияланышкан. Балдардын атага, кичүүлөрдүн улууларга баш ийишин талап кылган социалдык-этикалык тартиптер өкүм сүргөн, ал принциптерди бузгандар катуу айыпталган.

Революцияга чейин кыргыздарда укуктук аң-сезимдин төмөнкү формалары болгон: адат укугу, шариат (диний укук) жана расмий укук.

Адат укугу- бул стихиялуу түрдө пайда болгон, жазылбаган нормалар, б.а. үрп-адаттар, жүрүш-туруш эрежелери.

Шариат-мусулмандык укуктун, диний ырым-жырымдардын жыйындысы, ал Куранга жана Суннага негизделет.

Расмий укук-бул Россия мамлекети аркылуу негизделген же санкцияланган жалпыга тиешелүү жүрүш-туруш эрежелеринин жыйындысы, аны сактоо мамлекеттик таасир берүү чаралары аркылуу камсыз болот.

Революцияга чейинки кыргыздардын коомдук аң-сезиминин өнүккөн формаларынын бири-

[1] Абдылдаев М. Из истории религии и атеизма в Кыргызстана. -Б., 1991. -66-бет.

эстетикалык аң-сезим болгон. Эстетикалык аң-сезим элдик фольклор формасында кездешет. Адамдар жомоктордо, эпикалык поэмаларда, макал-лакаптарда, ырларда өздөрүнүн реалдуулукка болгон сезимдерин чагылдырышып, жаратылыштын, социумдун өнүгүүсү менен байланышкан проблемаларды, таанып-билүү маселелерин козгошкон.

Эпикалык чыгармалардын ичинде Манастын орду өзгөчө экендиги ар бир кыргыз атуулуна маалым. Элдин рухий маданиятынын түрдүүлүгүн жана байлыгын чагылдырган «Манас» - дүйнөлүк маданияттын түгөнгүс казынасы. Анда кыргыздардын коомдук мамлекеттик өнүгүшүнүн көп кырдуу тарыхы, тиричилиги, үрп-адаттары, салттары, дүйнө түшүнүүсү жөнүндө кеңири маалыматтар орун алган.

Октябрь революциясынын жеңиши менен элдин этикалык жана эстетикалык аң-сезими тез өнүгө баштайт. Анын себептери катары төмөнкүлөрдү кароого болот:

Биринчиден, социализм шартында экономикалык, социалдык, саясий жана маданий чөйрөдө көп өзгөрүүлөр болду,анын натыйжасында кыргыздардын коомдук аң-сезиминде алга жылыштар байкалды.

Экинчиден, демейки аң-сезим илимий-теориялык аң-сезимге сапаттуу секирик түрүндө өттү. Адамдардын көз караштары дүйнө жөнүндөгү жалпы билимдерге таянып, аны абстракттуу түшүнүктөр, категориялар, закондор аркылуу чагылдыра башташты.

Эгерде революцияга чейинки көчмөн жашоо образы, маданий жактан артта калуу демейки аң-сезимдин басымдуулук жасашын шарттаса,

демейкиден илимий-теориялык аң-сезимге өтүү үчүн коомдук турмуштун бардык жактарын кайра түзүп чыгуу керек эле.

Октябрь революциясынан кийин гана кыргыздардын коомдук аң-сезимин сапаттуу секиртүүгө объективдүү шарттар, ошондой эле субъективдүү факторлор түзүлдү, анткени теориялык аң-сезим илим менен философиянын агымында гана өнүгүшү мүмкүн.

## КЫРГЫЗСТАНДА ФИЛОСОФИЯНЫН ИЛИМ КАТАРЫ ӨНҮГҮШҮ

Кыргызстанда философиянын илим катары пайда болушу бир нече өзгөчөлүктөргө ээ. Ал төмөнкү шарттар менен байланышкан:

Биринчиден, совет доорунда элдин билими, улуттук маданияты, илими өнүгүп, илимий кадрлар даярдала баштады.

Экинчиден, оозеки маданияттан жазуу маданиятына өтүү аяктады .

Коомдун өнүгүшүнүн негизги закончөнемдүүлүктөрүнүн бири болуп маданий ревлюциянын ишке ашышы эсептелет. Маданий революция түшүнүгү элге билим берүү, агартуу системасын, интеллигенцияны жана кадрларды даярдоону, калыптандырууну, адабият жана искусствону өнүктүрүүнү, илимди, жаңы моралды өстүрүүнү, илимий көз карашты бекемдөөнү, тиричиликти кайра түзүүнү өз ичине камтыйт.

Борбордук Азиядагы элдердин экономикасын көтөрүү жана улуттук мамлекеттүүлүктү түзүү маселеси маданиятты өнүктүрүү менен тыгыз байланышкан. Өлкөнү индустриалаштыруу жана

айыл чарбасын коллективдештирүү артта калган элдердин экономикасын көтөрүүгө шарт түздү.

Демек, кыргыз элинин рухий маданиятынын андан ары өнүгүшүнө, илимдин калыптанышына, анын ичинде философиянын пайда болуп, өнүгүшүнө реалдуу мүмкүнчүлүктөр түзүлдү. Улуттук маданиятты калыптандыруу, өнүктүрүү боюнча чечкиндүү иш-чаралар жүргүзүлө баштады. Кыргызстанда, башка Чыгыш республикаларындагыдай эле, өз эне тилинде мектептер ачылып, массалык сабатсыздыкты жоюу боюнча иштер жүргүзүлдү. Улуттук алфавит түзүлүп, кыргыз тилинде окуу китептери чыга баштады, полиграфиялык базалар негизделип, басма ишканалары, жогорку окуу жайлары, маданий-агартуу мекемелери түзүлдү. Адабий тил калыптанып, улуттук кадрларды теориялык жактан даярдоо боюнча чаралар көрүлдү. Бул жагдайда башка жогорку окуу жайларынын салымы чоң.

1959-жылы Кыргыз ССРинин составында философия жана укук бөлүмү, ал эми 1964-жылы философия жана укук институту түзүлдү. Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасынын улуттук Илимдер Академиясынын философия жана укук институтунда аспирантура иштеп жатат, ошондой эле философия илимдеринин кандидаты жана доктору окмуштуулук даражасын ыйгаруучу Ведомстволор аралык Диссертациялык Кеңеш өз ишин ийгиликтүү жүргүзүүдө. Төрагасы- философия илимдеринин доктору, академик А. Какеев, орун басары –философия илимдеринин доктору, академик О. А. Тогусаков.

Кыргыз Республикасында азыр философия тармагында 300дөн ашык илимий кызматкерлер (алардын ичинде академиктер, мүчө-

корреспонденттер, 20 илимдин доктору, профессор) эмгектенүүдө.

Кыргызстанда философия тармагында илимий изилдөөлөр 50-60 жылдары башталган жана философиялык илим негизинен эки борборго топтоштурулган: Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясындагы философия жана укук бөлүмүндө жана Кыргыз Мамлекеттик Университетинде. Изилдөөнүн негизи катары төмөнкү проблемалар каралган: Кыргыз элинин коомдук философиялык ой-жүгүртүүсүнүн өнүгүү проблемалары, маданий мурас, кыргыз улутунун калыптанышы жана өнүгүшү, улуттардын теңдиги, илимий көз карашты калыптандыруу ж.б. Кандидаттык жана докторлук диссертациялар корголо баштады.

Кесиптик философторду даярдоо менен бирге, бара-бара адамдардын дүйнө кабылдоосунда түшүнүктүк-категориалдык система калыптана баштады. Жазуу маданиятына өтүү менен адабий тилди калыптандыруу жана улуттук интеллигенциянын пайда болушу менен дүйнөгө болгон илимий-теориялык көз караш өнүктү.

Кыргыздардын коомдук аң-сезимине жаңы түшүнүктүк-категориалдык системалардын кошулушунда XX кылымдын 20-30-жылдары түзүлгөн интеллигенциянын алгачкы муундарынын эмгектеринин ролу чоң. Алар Кыргызстанда демократиялык маданияттын калыптанышына активдүү салым кошкон инсандар (адабияттын, тилдин, тарыхтын өкүлдөрү). Мисалы, Белек Солтоноевдин (1879-1938) «Кызыл кыргыз тарыхынан, Т. Жолдошевдин «Көркөм адабият менен акындарыбыз », К. Тыныстановдун (1901-1938) «Касымдын ырлар жыйнагы», «Кыргыз тил

боюнча хрестоматие», «Жаңы алфавиттин түзүлүшү жөнүндөгү негизги принциптер жөнүндө», «Кыргыз тилинин грамматикасы», «Кыргыз тилинин морфологиясы, синтаксиси», Ж. Абдрахмановдун «Кыргызстанда мал чарбачылыгынын өнүгүү абалдары жана перспективалары жөнүндө » ж.б. Кыргыздардын адабият, тил, тарыхы жөнүндөгү проблемаларды анализдөөдө авторлор илимий жана философиялык категорияларды колдоно башташкан. Мисалы, «акыл», «илим», «аң-сезим», «материализм», «идеализм», «коомдук бытие», «коомдук аң-сезим», «тарыхты материалисттик түшүнүү», «кызыкчылык», «прогресс», «революция» ж.б.

Кыргыз тилинин өнүгүшүндө орус тилинин да орду чоң. Эгерде революцияга чейин 3 миң, 3,5 миң создүн ичинен 2,3 термин орусча болсо, кыргыз тилинде совет доорунда ал 500-600 гө чейин көбөйдү.

Атайын даярдалган философтор илимий жана философиялык категорияларды иштеп чыгуу маселеси боюнча алгылыктуу иштерди жүргүзүштү. Демек, кыргыздардын демейки аң-сезимден илимий-теориялык аң-сезимге өтүүсүндө эки тараптуу диалектикалык процесс жүргөн: биринчиден, интеллектуалдуу кызматкерлерди калыптандыруу дүйнөнү теориялык деңгээлде өздөштүрүүнү талап кылган, экинчиден, түшүнүктүк – категориалдык системаны түзүү философиялык кадрларды калыптандырууга өбөлгө түздү.

# РЕСПУБЛИКАДА ФИЛОСОФИЯЛЫК ПРОБЛЕМАЛАРДЫ ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

Кыргызстанда илимдин пайда болушу жана кесиптик философтордун калыптанышы менен социалдык практикадан келип чыккан актуалдуу проблемаларды системалык изилдөө башталды. Алардын негизгилери төмөнкүлөр: коомдук философиялык ой жүгүртүүнүн, онтология (бытие жөнүндөгү окуу), таанып билүү теориясынын социалдык философиянын, этика, эстетиканын, диндин тарыхын изилдөө.

Философтордун көңүлүнүн борборунда тарыхый философиялык проблемалар турган, мисалы, коомдук философиялык ой жүгүртүүнүн тарыхынын актуалдуу проблемалары, кыргыздардын революцияга чейинки дүйнө түшүнүүсү. Республикада революцияга чейинки коомдук философиялык ой жүгүртүүнү изилдөөнү баштоочулар болуп А.Алтмышбаев, А.Давлеткелдиев, М.Жунусовдор эсептелишет. Алар Кыргызстандагы коомдук-саясий жана философиялык ой жүгүртүү» аттуу макаланы жазышкан. Бул эмгекте авторлор кыргыздардын революцияга чейинки коомдук философиялык ой жүгүртүүсүнүн, акындар Токтогул, Тоголок Молдонун дүйнөгө болгон көз карашынын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн изилдешкен.

Бирок коммунисттик идеологиянын басымы астында эмгекте догматикалык жана вульгардык социологиялык элестөөлөрдүн терс таасири байкалат. Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч феодалдык түзүлүштүн идеологдору, реакционерлер деп жазылышкан.

Профессор Б. Аманалиев башында турган илимпоздор кыргыздардын байыркы мезгилден XX к. башына чейинки коомдук философиялык ой жүгүртүүсүнүн эволюциясын изилдешкен.[1] Автор байыркы кыргыздардын дүйнө кабылдоосунун өзгөчөлүктөрүн, легендарлуу ойчулдардын (Асан Кайгы, Толубай Сынчы, Санчы Сынчы), акын-демократтардын (Т.Сатылганов, Т.Молдо, Б.Алыкуловдун) чыгармаларын иликтеп, алардын дүйнөгө болгон көз карашына токтолушкан.

Кыргыздардын коомдук философиялык ой жүгүртүүсүнүн проблемаларын изилдөөдө академик А.Алтмышбаевге чоң роль таандык. Автор кыргыздардын коомдук саясий жана философиялык ой- жүгүртүүсүнүн негизги этаптарын жана багыттарын анализдеп, марксизм-ленинизм идеяларын чагылдырган.[2]

Академик А.Ч.Какеев өзүнүн эмгектеринде кыргыз элинин коомдук-саясий ой-жүгүртүү тарыхынын негизги проблемаларын козгоп, өнүгүү этаптарын изилдейт. Кыргызстандын революцияга чейинки философиялык ой-жүгүртүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн ачып, илимий-материалисттик дүйнө таанымдын калыптануу маселелерин карайт, оозеки жана жазуу маданиятынын байланышын иликтейт.

---

[1] Аманалиев Б. Из истории философской мысли кыргызского народа. –Ф., 1963; Социально-политические и философские идеи Токтогула и Тоголока Молдо. –Ф., 1963; Кыргызские мыслители XIX – начала XX вв. –Ф., 1965.

[2] Алтмышбаев А. Октябрь и развитие общественного сознания киргизского народа. –Ф., 1980; Очерк истории развития общественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии. –Ф., 1985.

Профессор Ж. Жаныбеков өзүнүн эмгектерин XIX кылымдын аягындагы XX башындагы ойчул акындардын чыгармаларындагы дүйнөгө болгон көз караштык жана социалдык-этикалык проблемаларга арнаган[1]. Жеңижоктун, Исак Шайбековдун, Калык Акиевдин, Османалы Сыдыковдун дүйнөгө болгон көз карашын талдоого алат.

Андан сырткары орус ойчулу И. Т. Чернышевскийдин социологиялык көз караштары (А. Алтмышбаев), Конфуцийдин, Ян Чжунун философиясы (А. Дөнөнбаев), байыркы жана чыгыш ойчулдарынын окууларындагы кокустук жана зарылдык категориялары (А. Бекбоев), тарыхыйлуулуктун логикалуулук менен болгон байланышы (Н. Саралаев) иликтенди.

Кыргыз философтору фольклорду элдин Октябрь ревлюциясына чейинки дүйнө таанымын чагылдыруучу каражат катары изилдешти. А. Алтмышбаевдин, А. Какеевдин, Б. Аманалиевдин, Ш. Акмолдоеванын эмгектеринде оозеки чыгармалардагы философиялык идеялар анализденди. Авторлор мифтердеги, легендалардагы, макал-лакаптардагы дүйнө түшүнүү маселелерин карашып, кыргыздардын илимге чейинки билимдерининин өзгөчөлүктөрүн талдашкан: "Манаста" биринчи жолу кыргыз дүйнөсүнүн мифопоэтикалык моделин реконструкциялоо ишке ашты[1].

---

[1] Жаныбеков Ж. Даанышман ойчул., -Б., 1991; Вопрóсы этики в произведениях акына – мыслителя Женижока. - Ф, 1989;

[1] Акмолдоева Ш. Б. К вопросу изучения эпоса. -Ф. , 1987 Роль эпосов духовной жизни кыргызского народа. -Ф. , 1987. Древнекыргызская модель мира ( на материалах эпоса «Манас») -Б. , 1996;

А. Байбосуновдун изилдөөлөрүндө биринчи жолу кыргыздардын жаратылыштын кубулуштары жөнүндөгү эмпирикалык билимдери талдоого алынып, биология, физика, химия, ботаника, ж.б. жөнүндөгү илимге чейинки элестөөлөр элдин рухий маданиятынын баалуу фактылары катары каралды.

Кыргыз философтору таанып-билүү теориясына да көп көңүл бурушкан. Академик А. Салиев өз изилдөөлөрүн социалдык психология жана логиканын проблемаларына арнаган.

А. Салиев көтөрүп чыккан жаңы концепциялардын бири- аң-сезимдин көп пландуу структурасы жөнүндөгү теория. Бул концепция боюнча "аңсыздык" анахронизм болуп эсептелет: "аңсыз" катары сезилген нерселер чындыгында аң-сезимдин терең жашырылган деңгээлин билдирет, ал жөнөкөй логикалык принциптерден түзүлөт. А. Салиевдин таанып-билүү теориясына кошкон чоң салымы болуп эс акыл категориясын анализдеши эсептелет. Анын фундаменталдуу эмгеги "Эс-акыл жана убакыт" Канттын даңазалуу "Таза эс-акылды сындоо" аттуу эмгегинен 200 жыл кийин жазылган экинчи философиялык изилдөө болуп саналат.

Аң-сезим, тил, түшүнүү, баарлашуу проблемаларын изилдөөдө Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Акдемиясынын мүчө-корреспонденти А. А. Брудныйдын орду чоң. Өзүнүн эмгектеринде автор аң-сезим менен тилдин диалектикасын изилдейт. Психологиялык жана герменевтикалык билимдерге таянып, профессор жаңы ой-жүгүртүүнүн калыптануу мезгилиндеги туюу проблемасын талдайт[1].

[1] Брудный А. А. Семантика языка и психологии человека.-Ф. , 1972; Понимание и общение. -М. 1989; Другому как понять тебя? – М., 1990; Наука понимать. -Бишкек, 1996;

Профессор Ж. Бөкөшев өбөлгө, шарт түзүүчү билимдин (предпосылочный) таанып-билүүдөгү ролун, жашоодогу маанисин изилдейт[1].

Профессор Т. Каракеевдин эмгектеринде цивилизациянын негизги этаптары каралып, совет коомунун рухий жашоосуна философиялык-методологиялык анализ берилет, рухий потенциалдык өсүү диалектикасы жана материалдык жашоодогу детерминацияланган факторлор иликтенет.

Кыргызстанда философиянын өнүгүшүнүн негизги багыттарынын бири табигый илимдердин философиялык проблемаларын иштеп чыгуу эсептелет. КРУИАнын мүчө-корреспонденти Т. Абдылдаевдин эмгектеринде түр жана түр түзүүнүн (түрдүн пайда болушу) теориялык жана методологиялык проблемалары каралат. Автор ИТРнын жаратылышка тийгизген таасирлеринин негизги багыттарын, биосфераны башкаруунун эффективдүү методдорун жана жолдорун көрсөттү. Т. Абдылдаев табигый-илимдик таанып-билүү чөйрөсүндөгү жана практикалык ишмердүүлүктөгү табигыйлуулук менен жасалмалуулуктун катышын изилдеди.

Профессор М. Жумагуловдун изилдөөлөрү табият таануу жана экологиялык проблемаларга арналган. Байланыш маселеси убакытта жана мейкиндикте созулган илимий түшүнүк катары изилденет. Автор "байланыш", "жалпы байланыш", "мамиле" түшүнүктөрүнүн катышын анализдеп, социожаратылыштык кубулуштардагы себеп-натыйжалык байланыштарын иликтейт. М.

[1] Бөкөшев Ж. Таанып-билүүнүн табышмактары. Ф., 1988. Өбөлгө түзүүчү билим.- Б., 1991. Билим, коом, инсан-Б., 1994.

Жумагулов жаңы геосаясий мейкиндиктеги экологиялык натыйжалардын көп түрдүүлүгүн ачып берет.

Философтордун башка бөлүгү информация, коммуникация,баарлашуу проблемаларын моделдештирүү методунун гносеологиялык маанисин изилдеп ,жогорудагы маселелерди чечүүгө белгилүү салымын кошушту.

Социалдык философиянын тармагында илимий изилдөөлөр улуттардын калыптанып, өнүгүшүнө ,улуттук мамилелер жана Чыгыштын артта калган элдеринин капиталисттик эмес өнүгүү жолуна арналган .

Профессорлор Г. Ачылова, А. Элебаева, Н. П. Борзых, М. Т. Артыкбаев, Ш. М. Ниязалиевдер өз эмгектеринде улуттук маданият, интернационалдык жана патриоттук тарбия, элдердин достугу, инсандын калыптанышындагы жана өнүгүшүндөгү улуттук психологиянын ролу, жаңы традициялар жөнүндөгү маселелерди козгошкон. Кыргыз коомчулугунун практикалык керектөөлөрү улуттар аралык мамилелерди стабилдештирүүнү жана илимий-теориялык негизде этностор аралык конфликттерди жөнгө салууну талап кылат.

Республиканын философторунун көңүлүнүн борборунда адамдардын кичи социалдык группасы болгон үй-бүлө проблемалары туруп, анын структурасы, функциялары, коомдук жашоодогу орду жана ролу изилденди. Профессор Т. Аскаровдун эмгектеринде[1] жогорку теориялык

[1] Аскаров Р Эстетическая природа художественный условности .- Ф., 1966; Эстетикалык жаңы сапаттарга. Ф., 1966; Эстетикалык жаңы сапаттарга.-Ф., 1980; Восхождение к зрелости.-Ф., 1976.

деңгээлде көркөм шарттуулуктун эстетикалык табияты, жашоодогу коздук, анын кабылдоо, улуттук адабияттагы жекелик жана жалпылык маселелери изилденет.

Акыркы мезгилдерде этикалык ой-жүгүртүүнүн тарыхына арналган көп изилдөөлөр пайда болду. Мисалы, О. Козубаевдин монографиясы этикалык ой-жүгүртүү боюнча негизги теориялык-методологиялык проблемалардын коюлушу менен өзгөчөлөнөт[1].

Академик Тогусаков илим проблемаларына философиялык рефлексиянын деңгээлинде системалык концептуалдуу анализ жүргүзөт. Автор илимий прогноздоонун социалдык практикадагы ролун белгилеп, анын структурасын жана формаларын анализдейт[2].

1970-жылдардан баштап. социология (социалдык системалардын калыптануу, өнүгүү законченемдүүлүгү жөнүндөгү илим) боюнча изилдөөчүлөр шаар менен кыштактын социалдык проблемаларын, социалдык теңдикти калыптандыруунун жолдорун анализдей башташты. Алардын катарына К. Исаевди, С. Нурованы, К.Бектургановду[3] кошууга болот.

XX кылымдын 1990-жылдарынан баштап Кыргызстанда саясат таануу боюнча изилдөөлөр жолго салынып, эл аралык мамилелер ички саясат,

[1] Козубаев О. Этическая мысль в ретроспективе.-Б., 1995.

[2] Тогусаков О. А. Философский анализ проблемы предвидения.-Ф.,1984; Естественное и искусственное в научном познании.-Б., 1991; Предвидение как функция науки.-Б., 1997.

[3] Исаев К. Деревня Кыргызстана: вчера, сегодня, завтра.-Ф.,1976; Социальные проблемы города и деревни.-Ф., 1984; Нурова С. С. Место эстетического в образе жизни.-Алма-Ата, 1994; Нарынбаев А. И. Социальная структура советского общества.-Ф; 1981.

коомдун саясий түзүлүш проблемалары боюнча эмгектер пайда болду. Саясат таануу проблемаларын иштеп чыгууда профессорлор М. Т. Артыкбаев менен Ж. Жоробековдун[1] салымы зор.

Кыргыз илимпоздору жалпы элдик масштабда философиянын өнүгүүсүнүн жалпы теориялык жана методологиялык проблемаларын иштеп чыгууда чоң жардам беришти. А. Алтмышбаев, Б. Аманалиев, А. Какеевдер «Философиянын тарыхы» китебинин бөлүмдөрүн (история философии., Т.1-6.-М.,1957-1965), «СССР элдеринин философиялык жана коомдук- саясий ой-жүгүртүүсүнүн тарыхы боюнча очерктер» (1,2 том, 1955-56-ж), «Философиялык энциклопедияны» (Т.1-5.-М., 1960-70) ж.б. китептерди жазууга көмөк көрсөтүшкөн. Союз мезгилиндеги идеологиялык көзөмөл философтордун эркин ой-жүгүртүүсүнө кыйла тоскоолдук берип, философия реалдуу турмуштан бөлүнүп калган.

[1] Артыкбаев М. Т. Политология (саясат жана бийлик жөнүндө окуу). КГНУ.-Б.,1993; Жоробеков Ж. Демографические процессы в Кыргызстане.-Б.,1998.

# КОРУТУНДУ

Суверендүүлүккө жетишкен Кыргызстан жаңылануунун, демократиянын жолуна туруп, тоталитардык системаны жоюп, көз карандысыздыктын, эркиндиктин негизинде өнүгүүсүн баштады. Базар экономикасындагы сапаттык өзгөрүүлөр болуп жаткан процесстерге илимий ой-жүгүртүүнү талап кылууда. Догматизмди жеңүүгө багытталган философиянын жаңылануусу өлкөдө болуп жаткан кайра түзүүлөр менен гана байланышпастан, Борбордук Азия регионундагы геосаясий өзгөрүүлөр менен, ошондой эле дүйнөлүк цивилизациянын өнүгүшү менен байланышкан.

XX- кылымдын аягында бир жагынан социализм модели кулаca, экинчи жагынан капитализм гүлдөй баштайт. Жаңы дүйнөлүк тенденциялардын өнүгүү шартында философтор дүйнөлүк тарыхта болуп жаткан фундаменталдуу өзгөрүүлөрдү эске алуулары зарыл. Илимпоздор дүйнөлүк цивилизациянын өнүгүшүнүн жаңы тенденцияларына көңүл бурушуп, экологиялык кризистен сактап калуу жолдорун, гумандуулукту күчөтүүнү биринчи орунга коюшууда. Класстык жана улуттук кызыкчылыктар экинчи планга коюлуп, жалпы адамзаттык баалуулуктар идеясы үстөмдүк кылыш керек.

Республиканын президенти А. Акаев өзүнүн макалаларында толеранттулуктун жетишсиздиги жөнүндө сөз козгойт[1]. Философтор өзүнүн эмгектеринде маданий салттардын жана улуттук

[1] Кара: Акаев А. Пусть звучит колокол совести // Центральная Азия и культура мира.-Б.,1997.№ 2,3.

кызыкчылыктардын көп түрдүүлүгүн эске алып, биримдүүлүккө жана макулдашууга умтулуулары зарыл.

Догматизмди жана вульгардык социологияны жеңүү, философияны жаңылоо маданий мурастарды жаңыча карап чыгууга мүмкүндүк берет. Элдик мурастарды окуп үйрөнүү маданиятты диалектикалык түшүнүүгө жардам берип, муундан-муунга өтүп келген рухий баалуулуктарды сактоого шарт түзүп, коомдун нравалык жаңыланышына, азыркы мезгилди таанып-билип, келечекти алдын-ала көрө билүүгө көмөктөшөт.

Азыркы учурда философтордун алдында илимий изилдөөлөрдүн деңгээлин көтөрүү, философияны турмуш менен байланыштыруу проблемалары турат. Базар экономикасына өтүү, демократиянын өнүгүү жана укуктук мамлекетти түзүү шартындагы кыргыз коомчулугунун жаңы өнүгүү законченемдүүлүктөрүн окуп үйрөнүү зарыл. Андан сырткары актуалдуу регионалдык жана жалпы адамзаттык проблемаларды «Чыгыш-Батыш цивилизация диалогу» контекстинде иштеп чыгуу-мезгилдин талабы.

# КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:

Аманалиев Б. Из истории философской мысли кыргызского народа. –Ф., 1963; Социально-политические и философские идеи Токтогула и Тоголока Молдо. –Ф., 1963; Кыргызские мыслители XIX – начала XX вв. –Ф., 1965.

Алтмышбаев А. Октябрь и развитие общественного сознания киргизского народа. –Ф., 1980; Очерк истории развития общественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии. –Ф., 1985.

Акмолдоева Ш. Б. К вопросу изучения эпоса. –Ф. , 1987 Роль эпосов духовной жизни кыргызского народа.Ф. , 1987. Древнекыргызская модель мира ( на материалах эпоса «Манас») -Б. , 1996;

Аскаров Р Эстетическая природа художественный условности .- Ф., 1966; Эстетикалык жаңы сапаттарга.-Ф., 1980; Восхождение к зрелости.-Ф., 1976. .

Брудный А. А. Семантика языка и психологии человека.-Ф. , 1972; Понимание и общение. М. 1989; Другому как понять тебя? – М., 1990; Наука понимать. -Бишкек, 1996;

Бөкөшев Ж. Таанып-билүүнүн табышмактары. –Ф . , 1988, Өбөлгө түзүүчү билим.- Б., 1991. Билим, коом, инсан-Б., 1994.

Жаныбеков Ж. Даанышман ойчул., -Б., 1991; Вопросы этики в произведениях акына – мыслителя Женижока. – Ф, 1989;

Козубаев О. Этическая мысль в ретроспективе.-Б., 1995.

Нарынбаев А. И. Социальная структура советского общества.-Ф; 1981.

Тогусаков О. А. Философский анализ проблемы предвидения.-Ф.,1984; Естественное и искусственное в научном познании.-Б., 1991; Предвидение как функция науки.-Б., 1997.

## МАЗМУНУ

Кыргыз философиясынын өнүгүү булактары..............................3

Кыргыздардын демейки аң-сезими..............................22

Кыргызстанда философиянын илим катары өнүгүшү..............................27

Республикада философиялык проблемаларды илимий изилдөөнүн негизги багыттары ..................31

Корутунду..............................39

Колдонулган адабияттар ..................41

# КЫРГЫЗ ФИЛОСОФИЯСЫНА КИРИШҮҮ
## (лекциялардын кыскача курсу)

Редактору: Философия илимдеринин кандидаты, доцент Ж. Арзыматов
Тех.редактору: Жунусова Т.
Корректор: Койчуева А.

Терүүгө 2.04.2001 ж. Басууга 7.04.2001 ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60х84 1\16. Көлөмү 2,6 басма табак.
Буюртма №3924. Нускасы 500.

Ош, шаары, Курманжан датка – 209

БИБЛИОТЕКА
Ошского государственного
университета
ИНВ № 35500

821678